«Макулдашылды»
Уюштуруучу
Майрыкова Ж.С

« Бекитемин»
Байдылда Маленов орто
мектептин мудуру
Сманалиева Ж.С
-------------------

**Байдылда Маленов атындагы орто мектеби**

**Тамактанууну уюштуруу жана сапатын көзөмөлдөөчү комиссияны түзүү жөнүндө Жобо**

**1.Жалпы Жоболор**

1.1.Байдылда Маленов атындагы орто мектебинин окуучуларынын өз убагында жана сапаттуу тамактануусун уюштуруу жана көзөмөлдөө боюнча коомдук комиссия ( мындан ары Комиссия) түзүлөт.

1.2. Окуучулардын сапаттуу тамактануусун уюштуруу жана көзөмөлдөө жөнүндө Жобо мектептин жетекчисинин буйругу менен бекитилет.

1.3.Ар бир окуу жылы сайын комиссиянын курамы буйрук менен бекитилет.

1.4. Комиссиянын курамына коомдук өкүлдөр, мугалимдер, ата-энелер, жергиликтүү кеңештин депутаттары, медициналык кызматкерлер, айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча кызматкерлери кирсе болот.

1.5.Комиссия Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, ченемдик укуктук актылары, билим берүү бөлүмүнүн буйруктары, текемелери, мектептин Уставы, актыларына таянып,ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

**2. Комиссиянын максаттары жана милдеттери**

2.1.Санитардык –эпидемиологиялык көзөмөлдөө станциясынын санитардык-гигиеналык ченемдери жана талаптарын сактоо,окуучуларга тамактанууну уюштурууга жана сапатуу берүүгө багытталган оптималдуу шарттарды түзүү.

2.2.Мектеп ашканасында финансылык жана бухгалтердик эсептердин документацияларын жүргүзүү,ашкананы Санитардык –эпидемиологиялык көзөмөлдөө станциясынын талаптары менен күтүү,окуучулардын тамактануусуна коомдук көзөмөлдү уюштуруу.

2.3.Кошумча бюджеттик эмес каражаттар (ата-энелердин эсебинен), окуучулардын толук камдуу тамактануусу жана сергек жашоо принциптерин пропагандалоо.

2.4.Мектептин ишмердүүлүгүндө укуктук ченемдик актыларды аткаруу менен окуучулардын эркиндигин жана укугун коргоо, алардын ден соолугун, тамактануусун,эс алуусун, өзүн-өзү башкаруусун жөнгө салат.

2.5.Кыргыз Республикасынын  жарандарын турмуш-тиричиликтин коопсуздугу жана ден соолугун коргоону,билим берүү областындагы мамлекеттик саясаттын принциптери менен ишке ашырат.

**3.Комиссиянын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары**

Комиссия:

3.1.Мектептин окуучулардын тамактануусун уюштурууда администрация таасирин тийгизет.

3.2.Көзөмөлдү жүргүзөт: тамактанууга төлөмдөрдү рационалдуу колдонууну;

- окуучулардын тамактануусун уюштурууну, ашканадагы тартипти;

- ашкананын иштөө график менен иштөөсүн;

3.3.Окуучулар арасында тамактын уюштурулушу,сапаты, ассортименти боюнча сурамжылоону уюштурат жана жүргүзөт, мектептинжетекчисине маалымат берет.

3.4.Мектеп администрациясына окуучуларга тамактанууну уюштуруу жана сапатын, ассортиментин жакшыртуу боюнча сунуштайт.

3.5.Мектеп администрациясынын агартуу иштерин рационалдуу тамактануу маселелери боюнча  ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) жана окуучуларга жүргүзүүсүно таасирин тийгизет.

3.6.Ата-энелер коомчулугун  балдардын тамактануусун уюштуруусуна жана көзөмөлдөөгө тартат.

**4. Комиссиянын уюштуруу иштеринин принциптери**

4.1.Мектептин директору окуу жылынын башында Комиссиянын курамы, ишинин максаттары жана милдеттери,окуу жылына карата ишинин планы бекитип, буйрук чыгарат.

4.2.Комиссиянын курамындагы тамактанууну көзөмөлдөөсүнө кирет: тамактанууну көзөмөлдөө боюнча Комиссиянын башчысы;

- Комиссиянын мүчөлөрү( педагогдордун өкүлөрү, мектеп өзүн-өзү башкаруу уюмунан,ата-энелер коомчулугунан);

**5.Комиссиянын иштерин уюштуруу**

5.1.Комиссия көзөмөлдөөдө өткөн окуу жылындагы кетирилген кемчиликтерди жоюу менен жаңы окуу жылына карата өзүнүн планынын түзөт, максаттарын жана милдеттерин,көзөмөлдөөнүн мөөнөттөрүн коет.

5.2.Комиссия өзүнүн ишмердүүлүгүндө графиктен тышкаркы дагы убакытта көзөмөл жүргүзөт, эгерде баланын укугу бузулса, ден соолугуна зыян келтирилсе, тамактын сапаты начар, тамактануу блогунда кооптуулук болсо,ченемдик- укуктук актылар бузулса, арыздануу болсо же мектеп администрациясынын инициативасы менен.

5.3.Көзөмөлдүн жыйынтыгы актыда көрсөтүлөт.

5.4.Комиссиянын пландуу иши 1 айда бир жолу болот.

5.5.Комиссия өзүнүнүн ишинин жүрүшү боюнча мектептин жетекчисине, мугалимдерге, ата-энелерге, коомчулукка маалымат берип турат.

**6. Комиссиянын функционалдык милдеттери**

6.1.Тамактанууга барган балдардын эсебин көзөмөлдөө.

6.2.Ашканадагы дежурствонун жүрүшү,тамактануу блогунун санитардык-эпидемиологиялык абалын көзөмөлдөө.

6.3.Ашканадагы идиш-аяктын санынын,кухняга керектүү шаймандардын, тазалоочу инвентарлардын жеткиликтүүлүгү, эмеректердин абалы, санитардык-гигиеналык каражаттардын толуктугун көзөмөлдөө.

6.4.Ашканадагы дежур педагог, окуучуларды көзөмолдөйт.

6.5.Ашкананын суу, жылуулук, электр жарыгы,тазалык менен камсыз болуусун, муздаткыч жабдуулары жана электромештердин иштеши,алардын оңдоо-түзөө иштеринин жүрүшү,сапаты жана өз убагында жүргүзүүнү көзөмөлдөө.

6.6.Ашкананын иштөө графигинин режими, график менен танапис учурунда окуучулардын тамактануусун көзөмөлдөйт.

6.7.Комиссиянын көзөмөлүнүн жыйынтыгындагы чечимдер,эскертүүлөр,сунуштарды мектеп администрациясы,тамактануу блогунун кызматкерлери аткарат.

6.8.Комиссиянын чечимдери,эскертүүлөрү убагында аткарылбаса, кайрадан текшерүү жүргүзөт.

**7. Комиссиянын документациясы**

7.1.Комиссиянын жыйынынын токтомдоруна комиссиянын башчысы, катчысы кол коет.

7.2.Комиссиянын жыйынын токтомдору, тамактанууну уюштурууну көзөмөлдөө дептери комиссиянын башчысында сакталат.